**«Жан эркем»**

Сөзү: Рыскулбеков Муканбет

Обону: Садыбакасов Шатман

Ай чыкканда балбылдап,

Айды көрсөм сени көрүп тиктей берем жалдырап.

Айдай сезем элесиңди,

Айдан түшүп келесиңби?

Келесинби, жан эркем?

Келесиңби деги сен?

Суу жээгинен кучактап,

Сууну көрсөм сени көрүп карай берем кылчактап.

Суудай көрөм элесиңди,

Суудан агып келесиңби,

Келесиңби, жан эркем?

Келесиңби деги сен?

Арчадагы булагым,

Билдиңерби, көрдүңөрбү аскадагы уларым?

Кырдан издейм элесиңди,

Кырдан түшүп келесиңби?

Келесиңби, жан эркем?

Келесиңби деги сен?

Жылдыз болуп койнума,

Кирип келчи, эркелетчи колуң коюп мойнума.

Жүрөк какшайт, не кылайын?

Кара көзүм, ананайын,

Ананайын, жан эркем,

Келесиңби деги сен?

Бектурсунов Ильяз Кылычбекович(Ильяз Андаш)